Даовлатова Феруза Муктаровнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 25.24.698 диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун

**№ 7 ПРОТОКОЛУ**

**Бишкек шаары** **14-январь, 2025- жыл**

**Катышкандар:**

| | |
|---|---|
| 1. Дылдаев Мирлан Муктарович | г.и.д., 25.00.24 |
| 2. Низамиев Абдурашит Гумарович | г.и.д., 25.00.24 |
| 3.Солпуева Дамира Токтосуновна (окумуштуу катчы) | г.и.к., 25.00.24 |
| 4.Абдиманапов Бахадурхан Шарипович | г.и.д., 25.00.36 |
| 5.Акматов Руслан Тынымсейитович | г.и.д., 25.00.36 |
| 6.Ахмадалиев Юсупжон Исмоилович | г.и.д., 25.00.24 |
| 7.Чортомбаев Улан Тыргоотович | э.и.д., 25.00.24 |
| 8. Каймулдинова Куляш Дуйсенбаевна | г.и.д., 25.00.23 |
| 9. Култаев Топчубай Чокоевич | э.и.д., 25.00.24 |
| 10. Матикеев Курманали | г.и.д., 25.00.23 |
| 11. Почечун Виктория Александровна | г.и.д., 25.00.36 |

**Диссертациялык кеңештин төрагасы**: география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев Мирлан Муктарович

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы**: география илимдеринин кандидаты, доцент Солпуева Д.Т.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын төрагасынын м.а. буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнөн 11 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 5 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору жана 1 илимдин кандидаты. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

**Күн тартиби:**

**1.** Даовлатова Феруза Муктаровнанын «**Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы**» аттуу 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана

рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Чогулушту отурумдун төрагасы г.и.д., доцент М.М.Дылдаев ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчиси г.и.д., профессор Низамиев Абдурашид Гумарович дайындалып, Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун 2013-жылдын 24-декабрында №2 токтому менен бекитилген.

Ишти кароо боюнча төмөндөгү эксперттик топ дайындалган.

1. География илимдеринин доктору, профессор Ахмадалиев Юсупжон Исмоилович
2. География илимдеринин доктору, доцент Дылдаев Мирлан Муктарович
3. Экономика илимдеринин доктору, профессор Култаев Топчубай Чокоевич

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин М.М. Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун табигый илимий билим берүү кафедрасында аткарылган.

Диссертациялык кеңештин төрагасы, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев Мирлан Муктарович (төраганын милдетин аткаруучу). Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын «**Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы**» деген темадагы кандидаттык диссертациясы жана документтери диссертациялык кеңешке келип түшкөн. Изденүүчү жана анын илимий иши тууралуу жалпы маалымат берүү үчүн сөз окумуштуу катчы Солпуева Дамира Токтосуновнага берилет.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, география илимдеринин кандидаты, доцент Д.Т.Солпуева:**

**Саламатсыздарбы диссертациялык кенештин төрагасы жана мүчөлөрү!**

Уруксат берсеңиздер Даовлатова Феруза Муктаровнанын кыскача өздүк делосу менен тааныштырайын.

Даовлатова Феруза Муктаровнанын «**Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы**» аттуу темада адистик 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана ага тиешелүү аттестациялык документтери Д 25.24.698 диссертациялык кеңешке 2025-жылы 15-январда жекече кабинет ачылып жүктөлгөн. 2025-жылдын 29-январында документтери Д 25.24. 698 диссертациялык кеңешке кабыл алынган.

Диссертант 1998-жылы Ош мамлекеттик университетинин табият таануу жана география факультетинин география адистигин бүтүргөн. Бүгүнкү күндө Баткен мамлекеттик университетинин М.М. Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин табигый илимий билим берүү кафедрасынын улук окутуучусу болуп эмгектенип келе жатат.
Даовлатова Ферузанын төмөндөгү документтери бар:
1. Өздүк баракчасы.
2.Илимий теманы бекитүү жөнүндө Баткен мамлекеттик университетинин Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун 2013-жылдын 24-декабрында №2 протоколунда 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, диссертациялык ишинин темасы «Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» деген темасы бекитилген жана кандидаттык диссертациялык ишти жазуу боюнча илимий жетекчиси г.и.д., профессор Низамиев Абдурашит Гумарович дайындалган.
3. Илимий эмгектеринин жалпы саны 16, анын ичинен 1 окуу-усулдук колдонмо, 15 илимий макала рецензиялануучу илимий басылмалардан тизмегине кирген илимий басылмаларда жарыяланган, жалпы топтолгон баллы- 257.
4. Илимий ишти жайылтуу боюнча 3 өндүрүшкө киргизүү актысы алынган. Баткен мамлекеттик университети жана Баткен облустук мамлекеттик админстрациясы жана Кыргыз республикасынын министрлер кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан берилген.
5. Кафедранын кеңейтилген отуруму Баткен мамлекеттик университетинин М.М. Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин табигый-илимий билим берүү кафедрасында 2024-жылы 6-ноябрында №3 протоколунун негизинде изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын темасы «Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо үчүн кеңейтилген жыйыны өткөрүлгөн.
6. Кандидаттык минимум сынактарынан илимдин тарыхы жана философиясы - «эң жакшы» (22.05.2018), англис тили- «жакшы» (15.05.2018), кыргыз тест сертификаты (13.02.2025) С1 деңгээлинде. Адистик боюнча 24.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география – «эң жакшы» (5.03.2025) тапшырылган.
Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын төмөндөгү документтери бар:
7. Илимий жетекчинин пикири, өздүк баракчасы кадрлар бөлүмү тарабынан тастыкталган.

Даовлатова Феруза Муктаровнанын Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына толук жооп берет.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.** : Окумуштуу катчынын маалыматына суроолор барбы? Жок болсо, анда сөздү изденүүчүгө берели.

Диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын берилет.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.:** Сөздү изденүүчүгө берели ( докладка 15 минут).

**Изденүүчү Ф.М. Даовлатованын доклады:**

Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы Дылдаев Мирлан Муктарович жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү жана катышуучулар! Илимий ишибиздин мазмунун кыскача баяндоого уруксат бериңиздер.

**Теманын актуалдуулугу**. Адамдарды байыркы убактардан бери эле географиялык аталыштардын келип чыгышы кызыктырып келген. Мындай кызыгууну адам баласынын таанып-билүүчүлүк иш-аракетинин бир багыты катары кароого болот. Аталыштар, тиешелүү жер-суу аттарынын келип чыгуу себебин билүү бир гана тармактагы окумуштуулардын иши эмес, а жалпы эле патриот инсандардын өз жерини билүүсү зарыл. Ким болбосун, ал өзү туулуп-өскөн же жашаган жеринин (айылдын же шаардын), ага тиешелүү болгон жер-суулардын аталыштарынын маанисин билүү анын жалпы маданият деңгээлин көрсөтүп турат.

Географиялык аталыштарды илимий жактан изилдөөнүн мааниси чоң. Элдин жайгашуу абалы, географиясы жана анын өзгөрүүсү, тарыхы жана анын мезгилдик өзгөрүүсү, тили жана анын мезгилге карай өзгөрүүсү жана баюусу, маданияты, жашоо образы жана алардын доорго карай өзгөрүүсү ж.б.у.с. көрүнүштөрдү географиялык аталыштар өз ичине камтып же чагылдырып келе жатат. Ошондой эле табигый предметтердин жана процесстердин абалын жана өзгөрүүсүн да жер-суу аттары мүнөздөп турат. Географиялык аталыштарды илимий жактан изилдөөнүн мааниси чоң. Элдин жайгашуу абалы, географиясы жана анын өзгөрүүсү, тарыхы жана анын мезгилдик өнүгүүсү, тили, жашоо образы жана маданияты ж.б.у.с. көрүнүштөрдү географиялык аталыштар өз ичине камтып же чагылдырып келет. Ошондой эле табигый жана чарбалык предметтердин жана кубулуштардын абалын жана мезгилдик өзгөрүүсүн да жер-суу аттары мүнөздөп турат. Алар аркылуу тигил же бул аймактын орографиялык мүнөзүн же рельефинин ар түрдүү формасын (*Ала-Бел, Коргон-Сай, Түз-Бел* ж.б.), геологиялык өнүгүүсүн жана кандайдыр бир пайдалуу кендерге ээ болушун (*Бариттүү-Үңкүр, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр* ж.б.), климаттык өзгөчөлүктөрүн (*Баткен, Шамалды-Сай, Шамал-Терек* ж.б.), ар түрдүү суу объектилеринин болушун (*Ак-Булак, Кара-Суу, Кызыл-Суу* ж.б.), топурак катмарын (*Ак-Турпак, Кара-Баткак* ж.б.), өсүмдүктөр (*Жийде, Сары-Камыш, Чий-Талаа* ж.б.) жана жаныбарлар дүйнөсүнүн (*Бөрү-Көрбөс, Доңуз-Жылга, Кара-Кулжа* ж.б.) түрдүк курамын, ландшафтынын түрдүү абалын (*Алмалуу, Кайыңды* ж.б.) жана социалдык-

экономикалык абалын, тактап айтканда, калктын жайгашуу ж.б. өзгөчөлүктөрүн (*Бөрү, Кашкар-Кыштак, Чуңкур-Кыштак* ж.б.), анын чарбалык (*Кызыл-Дыйкан, Курулуш, Пахта-Абад* ж.б.) жана маданий (*Агартуу, Достук, Маданият* ж.б.) жашоо образдарын билүүгө болот жана анын далили катары көрө алабыз.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелерде жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Баткен облусунун аймагындагы жагымсыз аталыштагы айыл аймактарды жана айылдарды кайра атоо боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген. Кыргыз Республикасындагы географиялык обьекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобонун негизинде тиешелүү иш жүргүзүүнү сунуштаган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 29-августундагы №01 13/360 сандуу маселе боюнча Баткен областындагы жагымсыз аталыштар менен аталган аймактардын, айылдардын жана калктуу конуштардын аттарын өзгөртүү боюнча да иш алып жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо, өзгөчө тарыхый-маданий топонимикалык мурас объектилерин маанилүүлүгүн тактоо менен азыркы социалдык-экономикалык жана саясий талаптарга ылайык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

**Коюлган максатка жетүү үчүн диссертациялык ишке төмөнкү милдеттер сунушталды:** Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттерде жер-суу аталыштарын географиялык багытта изилдөөнүн концептуалдык негиздерин илимий адабияттардын мисалында иликтөө, алардын тажрыйбасын өлкөнүн түштүк аймагынын топонимикалык илимий изилдөө иштеринде жайылтуу;
- Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын территориялык таркалуусун, ойкономикалык маңызын, аймактык өзгөчөлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо;
- ГИС-технологияларды колдонуу менен түштүк аймактын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүү;
- Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын административдик-аймактык бирдиктеринде топонимикалык мурастын элементтери болгон аталыштардын тизмесин калыптандыруу жана топонимикалык мурастарды коргоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- Баткен областынын мисалында географиялык аталыштарды социалдык-экономикалык негизде (антропо- жана этнотопонимдер, кесиптик, идеологиялык ж.б.) пайдалануу, географиялык объектилерге ээлик кылуу жана сактоону камсыз кылуучу топонимикалык маалыматтык системалардын (ТМС) базасын түзүү;
- Жер-суу аттарынын тарыхый аталыштарын сактоо, эски аталышын ыйгарууну же жаңыча атоонун зарылдыгын аныктоо менен коомчулукка жана жаш муундарга жеткирүү.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыктары**:

1. аймактын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденди;
2. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге (совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында) бөлүндү жана аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилди;
3. ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлдү;
4. Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсүн изилденди жана топонимикалык сөздүк түзүлдү.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси төмөнкү иштерди аткарууда маанилүү:**
2024-жылга карата топонимдердин таркалуусу, келип чыгуу себептери жана түзүлүшүн (тили, лексика-семантикалык түрү, калыптануу мезгили ж.б.) көрсөтүү менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын реестри түзүлдү. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын географиялык, лингвистикалык, топотерминологиялык жана хронологиялык курамын жана аймактын топонимикалык райондоштуруу схемасын чагылдырган топонимикалык тематикалык карталардын сериясы заманбап ГИС-технологияларын колдонуу менен түзүлдү. Ошондой эле эмгекте келтирилген маалыматтар, пикирлер жана корутундулар жогорку окуу жайларынын тиешелүү багыттары боюнча окуу процессинде мааниге ээ.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси:**

Иштин мазмуну жана негизги корутундулары, автор тарабынан ар кандай экспедицияларда топтолгон маалыматтар жана сурамжылоо анкеталарынын натыйжалары аймактык калктуу конуштарга ат коюуда жана кайра атоодо, жер-суу аттарын улуттук стандартташтырууда, транскрипцияда, жаңы аттарды түзүүдө пайдаланылат.

**Диссертацияны коргоодо алып чыгуучу негизги жоболор.** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде төмөнкү бүтүмдөр сунушталган:

1. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарында жаратылыштын жана коомдун абалын, өнүгүүсүнүн жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырылышын аныктоо жана талдоо. Жер-суу аталыштары биринчи кезекте жердин физикалык-географиялык көрүнүшүнө (рельефтин ар түрдүүлүгү, суу байлыгынын көптүгү, флора жана фаунанын ар түрдүүлүгү ж.б.) байланыштуу, айрым жер-суу аттарынын пайда болушунда жергиликтүү элдин чарбалык ишмердүүлүгү, тарыхы, руханий жана материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрү да таасир этүүсү аныкталды.
2. Топонимика илимий тармак катары коомдук (экономикалык жана социалдык) географияны камтыган гуманитардык илимдердин бир бөлүгү катары кароо менен географиялык аталыштардын функциялары аныкталды. Өлкөнүн административдик-территориялык бирдиктеринде топонимикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, калктуу пункттардын аталыштарын изилдөө, жер-суу аттарын калыптандырууда аймактын экономикалык, социалдык-географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо иштери жүргүзүлдү.
3. Географиялык атоолордун кайрылуу функциясын аныктоо, расмий жана жалпы керектөө, улуттук стандартташтыруу үчүн ар кандай географиялык объектинин аталышын жазуу боюнча иликтөөлөр болду.
4. Каралып жаткан аймактын географиялык аталыштарын аймактык жактан талдоо жана курамына топонимикалык изилдөө жүргүзүлдү: аймакта нукура кыргызча аталыштары басымдуулук кылат (80-85%); орус тилдүү аталыштар да басымдуу, бирок акыркы 30 жылда алардын саны 70%га кыскарган; башка түрк тилиндеги аталыштар да арбын; ошол эле учурда түрк эмес (согда, фарс-тажик, араб, монгол) топонимдери да бар (5%га чейин);
5. Этнонимдердин аймактык калктуу конуштардын аталыштарында чагылдырылышы талданып, географиялык объектилерге, анын ичинде калктуу конуштарга ат коюу же жаңыча атоо боюнча илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.**

1. Аймактын топонимикасы биринчи жолу социалдык жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденди;
2. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге (совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында) бөлүндү жана аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилди;
3. ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлдү;
4. Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсүн изилденди жана топонимикалык сөздүк түзүлдү.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана тастыкталышы.**

Илимий изилдөөнүн негизги мазмуну жана жыйынтыктары төмөндөгү эл аралык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда талкууланган:

ОшМУ, 2017; БатМУ, 2018, 2019; ОшМПУ, 2021; КМУ, 2022, ТалМУ, 2024, Карши МУ, 2024) ж.б. Ошондой эле «Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы” аттуу окуу-усулдук колдонмо жарык көргөн (Ош, 2017).

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын басылмалардагы чагылышынын толуктугу**. Автор тарабынан диссертациялык иштин негизги натыйжалары 16 макалада жарык көрүп, алардын ичинен 15 макаласы КРнын ЖАКсы көрсөтмө берген илимий журналдарында жана Scopus басылмасында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, 3 баптан, теориялык жана практикалык жыйынтыктардан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин көлөмү 150 бетти түзүп, 9 таблица, 10 сүрөт жана 12 карта камтыйт.

# КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн натыйжасында алынган илимий маалыматтар жана аларды талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга жана сунуштарды иштеп чыгууга негиз болду:

**1.** Кыргызстанда, анын ичинде түштүк аймакта топонимдери кылымдар бою узак убакыттын ичинде ар түрдүү жолдор менен түзүлүп, кыргыз ж.б. тилдерден кирип, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Изилденген аймактагы топонимдер тарыхый узак мезгилдерди өз ичине камтып, мааниси жагынан көп учурларда өзгөрүүгө учураган. Жер-суулардын аты географиялык объектини өзгөчөлүгүнүн негизинде аталуусун изилдөөгө тактык болуусуна мүмкүндүк берилди. Жергиликтүү географиялык терминдердин топонимдерди пайда кылуудагы орду белгиленди.

**2.** Каралып жаткан аймагындагы географиялык объектилеринин аталышы, аларга ат коюунун эрежелери, улуттук тааризде стандартташтыруу, жер-суу аттарынын транскрипциясы, жер-суу аттарынын лингвистикалык-географиялык катмарлары, топонимдердин түзүлүшүндөгү локалдык географиялык терминдердин ролу, географиялык классификация сыяктуу маселелерди изилдөө алдыда турат. Жер-суу аттарын экономикалык жана социалдык географиянын рамкасында изилдөө топонимиканы география илимдерине жакындатат жана анда жаңы багыттын – геотопонимиканын пайда болушуна шарт түзөт.

**3.** Белгилүү бир аймакта географиялык аталыштардын калыптанышына социалдык-экономикалык (калктын курамы, тили, кесиби, чарбанын түрү жана деңгээл ж.б.) жана физикалык-географиялык (рельеф, топурак, суу, флора жана фауна ж.б.) факторлор таасир этет жана алар мейкиндик жана убакыттын өзгөрүшү менен өзгөрүп турат. Социалдык-экономикалык негизи бар географиялык аталыштар адамдарда табигый жана чарбалык объектилерге ээлик кылуу сезимин калыптандырат, аларды сарамжалдуу пайдаланууга үндөйт. Элдин байлыгы болуп саналган жаратылыш объектилеринин

аталыштары адамдардын экологиялык маданиятын көрсөтүп, калкты экономкалык-экологиялык жактан тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

**4**. Аймактык топонимикалык изилдөөдө жер-суу аттарын классификациялоонун практикалык зор мааниси бар экенин эске алып, аймактын географиялык объектилерин атоо боюнча классификациялоо жүргүзүлдү. Анткени, ар кандай илимий изилдөөлөрдө чогултулган маалыматтар белгилүү бир курамдык бөлүүнү талап кылат.

**5**. Географиялык аталыштардын пайда болушу кокустуктан эмес. Аларды туура жана так аныктоо жана илимий негизде талдоо зарыл. Аймактын топонимикасын изилдөө процессинде 300гө жакын ойконим, 60тан ашык ороним, 80ден ашык гидронимдер, 50дөн ашык зоо- жана фитонимдер талдоого алынып, изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй илимий корутундулар жана сунуштар иштелип чыкты:

**5.2**. Жер-суу аттарынын калыптанышына жана өнүгүшүнө социалдык-географиялык факторлор басымдуу түрдө таасир этет: аймактын өнүгүү тарыхы; жаратылыш шарттары жана алардын чарбалык мааниси; ар кандай доорлордо калктын этномаданий курамынын өзгөрүүсү; саясий режимдердин жана идеологиялык чөйрөнүн өзгөрүшү (мисалы, советтик империянын кулашы менен); коомдук түзүлүштүн өзгөрүүсү; калктын жайгашуусу абалы жана өзгөчөлүктөрү; калктын салттуу чарбалык иш-аракеттери жана турмуш-тиричилик образы; өндүргүч күчтөрдүн жайгашуусу.

**5.3**. Жер-суу аталыштарынын лингвистикалык-географиялык абалы: аймакта нукура кыргызча аталыштары басымдуулук кылат (райондорго карап 80-85%); орус тилдүү аталыштар да басымдуу, бирок акыркы 30 жылда алардын саны 70%га кыскарган (орус топонимдердин көпчүлүгү антротопонимдер болот); башка түрк тилиндеги аталыштар да арбын (көбүнчө өзбекче, башкача айтканда, өзбек калкы компактуу жайгашкан жерлерде); ошол эле учурда түрк эмес (согда, фарс-тажик, араб, монгол) топонимдери да бар (булар түркчө жер аттары менен салыштырганда саны жагынан аз); аймактын топонимдерин изилдөөдө жер-суу аталыштары биринчи кезекте жердин физикалык-географиялык көрүнүшүнө (рельефтин ар түрдүүлүгү, суу байлыгынын көптүгү, флора жана фаунанын ар түрдүүлүгү ж.б.) байланыштуу экендиги аныкталды; айрым жер-суу аттарынын пайда болушунда жергиликтүү элдин чарбалык ишмердүүлүгү, тарыхы, руханий жана материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрү да таасир эткен; аймактын топонимикасында этнонимдердин салмагы бир топ жогору экени аныкталды:

**6.** Жер-суу аттары коомдун ар кандай муктаждыктарына кызмат кылат. Ошол себептен алар боюнча жазуу эрежелерин түзүүгө, расмий иш кагаздарда, окуу китептеринде жана башка басылмаларда туура жана дайыма бирдей жазууга тийишпиз. Атоолордун кайрылуу функциясын аныктоо, расмий жана жалпы керектөө, улуттук стандартташтыруу үчүн ар кандай географиялык объектинин аталышын жазуунун бирдиктүү формасын аныктоо жана бекитүү зарыл.

**7.** Республикада иштеп жаткан “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» мыйзам ж.б. расмий документтер заман

талабына жараша толуктоого муктаж. Жер-суу аттарынын каталогун түзүү, топонимдердин фондун түзүү, тарыхый аталыштарды коргоо боюнча талаптар кириш керек. Өлкөдө бирдиктүү топонимикалык борбор түзүлүп, бардык географиялык аталыштарды бирдей формада базага киргизүү зарыл. Аймактар боюнча топонимикалык карталарды түзүү, Кыргыз Республикасынын топонимикалык атласын түзүү маанилүү милдет болуп саналат.

**8**. Кыргыз Республикасында, Бишкек жана Ош шаарларында, ар бир областта жана райондо туруктуу топонимикалык комиссия иш алып барыш керек. Мында акыркы чечим Кыргыз география коомунун тиешелүү бөлүмү менен макулдашуу жүргүзөт. Менчиктин түрүнө карабастан, бардык ишканалар, мекемелер жанан уюмдар ат тандоодо жергиликтүү топонимикалык комиссиялардын кеңеши менен иш алып баруусу талапка ылайык.

**Көңүл бурганыңыздарга рахмат!**

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.:** Рахмат! Изденүүчүгө диссертациялык ишинин айланасында суроолорунуздарды берсениздер болот.

**1-суроо**: **Экономика илимдеринин доктору, доцент Чортомбаев Улан Тыргоотович.**

**1-суроо**: Сиздердин ишиниздерде 10 маселе коюлуптур, бирок 4 илимий жаңылык экен, 1-милдетиниз 1-жаңылыкка, 6-милдетиниз 2- жаңылыкка, 7-милдетиниз 3-жаңылыкка, 10-милдетиниз 4-жаңылыкка дал келет экен. Ал эми 4, 5, 8, 9 милдеттириниз боюнча айта кетсеңиз. Ушуга жооп берип койсонуз.

**Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.: Рахмат, карап эске алып карап чыгам.**

**2-суроо**: Сиздин орус тилиндеги авторефератта кээ бир сөздөрдө катачылыктар бар экен. Мисалы: выявлено же выявит болобу ошону айтсаңыз.

**Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.:** Ракмат, бул жерде техникалык каталык болуптур, карап ондоолорду киргизебиз.

**Экономика илимдеринин доктору, профессор Култаев Топчубай Чокоевич:**

**1-суроо**: Сиздин изилдөөлөрдө «Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» темада жаш муундарды тарбиялоодо кандай мааниси бар?

**Жооп:** Жер-суу аталыштары жаш муундарды тарбиялоодо мааниси чоң, себеби аталыштын мааниси ачык жана түшүнүктүү, бир маанини билдирип турса жакшы. Ким болбосун, ал өзү туулуп-өскөн же жашаган жеринин (айылдын же шаардын), ага тиешелүү болгон жер-суулардын аталыштарынын маанисин билүү анын жалпы маданият деңгээлин көрсөтүп турат. Ошондуктан аталыш тарыхый, саясий, илимий маанисин эске алуу менен тилдик жагын кароо аларды келечек муундарга патриоттуулук сезимдерин калыптандырууда мааниси чоң деп айта аламын.

**География илимдеринин кандидаты, профессор Матикеев Курманали:**

**1-суроо**: Феруза Муктаровна, сиздин алдын ала коргоого даярдаган

слайддарыныздa жана диаграммалар, карталар жогорку деңгээлде даярдалганын көрө алдык, бирок авторефератка коюлбаптыр, негизи авторефератка иштин каймактары коюлуусу керек эле.

**Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.**: Иштин негизги максатына ылайык топонимика боюнча карталарды иштеп чыга алдык, карталарды коюга аракет жасалды, баарын кою үчүн авторефераттын бети чектелүү экендигин эске алдык.
**2- суроо:** Феруза Муктаровна Баткен аймагында перс тилиндеги топонимдер М: Зардалы, Керавшин аталыштарын которсок болобу?
**Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.**: Бул аталыштарды которуу маселеси боюнча анын келип чыгуу этимологиясын кароо жана ар тараптан изилдөөлөрдү жүргүзүү иштерин алып баруу керек, келечекте карайбыз деген ойдомун.
**География илимдеринин кандидаты, доцент Дамира Токтосуновна Солпуева**:
**1- суроо**: Сиздер жеке салымда топонимикалык сөздүк түздүк түзүлдү деп айттыныз, экономикалык-социалдык багытта кандай топонимикалык сөздүктөрдү түзө алдыңыздар?
**Жооп изденүүчү Даовлатова Ф**: суроонузга ракмат, Дамира Токтосунова! Биздин изилдөөлөрдүн негизинде калктуу конуштардын жашаган аймактарында айылдардын, шаарлардын аттарынын келип чыгуусу боюнча сурамжылоо жана салыштыруу иштери жүргүзүлүп, алардын бир нече варианттары топонимикалык сөздүктө берилген.
**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.**: Анда эмесе илимий кеңешчиси г.и.д., профессор Низамиев Абдурашит Гумаровичке сөз берели.

Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровна жер- суу аталыштарынын келип чыгышы же этимологиясы десек да болот, ушул теманын үстүндө 10 жылдан бери изилдеп келет, жыйынтыгын да жер-суу аталыштары боюнча окуу – усулдук колдонмо жызылган жана илимий ишини жыйынтыктоо алдында турат. Географиялык аталыштар ар тараптуу жана көп кырдуу маалымат булагы болуу менен бирге адамзат коому үчүн зарыл жана маанилүү коомдук-саясий функцияны аткарат. Ошол себептүү ар кандай топоним адамдын ишмердүүлүгүнүн продуктусу болуу менен ал жердин белгилүү бир чекитинде географиялык объектинин аты катары пайда болгон. Өлкөбүздүн азыркы өнүгүү шарттарында географиялык аталыштарды изилдөө жана алардын маанисин аныктоо маселелери өзгөчө актуалдуу, анткени, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызыкчылыктарын улуттук, тарыхый салттардын жана баалуулуктардын негизинде жарандарды руханий-адептик тарбиялоону андан ары өркүндөтүү максатында коргоо...» жана «республиканын аймактарында административдик-территориялык реформаны ийгиликтүү жүргүзүү» максатында айрым топонимикалык аталыштарды атоо жана кайра атоо боюнча республика боюнча масштабдуу иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Мындай иш демографиялык процесстерге,

тарыхый ысымдардын кайтарып берүүгө, учурдун талабына жараша жаңы атоолорго байланыштуу болуп жатат. Белгилей кетсек, бул процесс бүгүнкү күндө Кыргызстандын түштүк аймагында өзгөчө байкалууда. Биздин ишибиз да түштүк аймактары изилденип каралган.

Негизи топонимикалык изилдөөлөр республикалык жана аймактык деңгээлдерде практикалык жактан да, теориялык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык география чечүүчү мааниге ээ. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө таркалган жер-суу аталыштарын илимий жактан кароо менен аныкталып турат.

Бул жазылган илимий иштин негизги жетишкен жактарын айта кетсем: Илимий иш топонимиканы географиялык өңүттө изилденген биринчи жумуш болуп саналат жана мында топонимика экономикалык жана социалдык географиянын бир бөлүгү экендиги теориялык анализдин негизинде далилденген жана Кыргызстандын азыркы өнүгүү шартында топонимикалык изилдөө мамлекеттик маанилүү саясат экендигин көрсөтө алган. Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнаны 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын талаптарына жооп берет, изденүүчүнү колдоп бериңиздер география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.**: Ракмат, Абдурашит Гумарович жазылган ишиңиздер боюнча маанилүү маалыматтарды бергеңиниз үчүн. Иштин жүрүшү боюнча сөздү эксперттерге берилет, илимий иштин диссертациянын, авторефераттардын орусча, кыргызча варианттары эксперттерге жөнөтүлгөн.

**Биринчи эксперт г.и.д., профессор Ю.Ахмадалиевге сөз берилет.**

Эксперт дает заключение (заключение прилагается). Вопросы и замечания эксперта:

1.Недостаточно изучены опыт и материалы ученых Узбекистана в области топонимических исследований, поскольку за последние 10 лет в стране защищены более 10 диссертаций.

2.Недостаточно отражена роль геотопонимики в образовательном процессе, поскольку данное научное направление имеет большое значение в обучении и воспитании молодого поколения.

**1. Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.** : Юсуфжон Исмоилович, менин ишимди карап бергенинизге чоң рахмат. Сиздин айткан кемчилик боюнча мындай дейт элем. Өзбекстанда топонимика илимин географтар тарабынан изилдөө жогорку деңгээлде изилденип жатканын интернет булактарынан көрүп жатабыз. Үйрөнө турган жактар көп. Мен интернет желесинде болгон иштер менен таанышып, пайдаланганга аракет кылдым. Алардын ичинде сиздин да эмгектериңиз бар. Мындан ары да өзбек кесиптештер менен тыгыз иш алып

барам.
2. **Жооп изденүүчү Даовлатова Ф**: 2-көрсөтүлгөн кемчиликке жообум мындай: бул иште топонимика илиминин билим берүү системасындагы ордун жана маанисин көрсөтүүгө аракет кылдым. Албетте, бул жаатта мен дагы иштейм. Биз топонимиканын билим берүү жана тарбия процессиндеги маанисин ар дайым көтөрүшүбүз керек деп эсептейм.
**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.** экинчи эксперт катары эксперттик бүтүм менен тааныштырып кетейин.
**География илимдеринин доктору, доцент Дылдаев Мирлан Муктарович.**

Урматтуу кеңештин катышуучулары изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын "Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы" аттуу география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даржаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин кароо менен төмөнкүдөй чечимге келдим. Изилдөө экономикалык жана социалдык география илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү болгон эмгек, анда төмөндөгүдөй жаңы, илимий жактан негизделген теориялык жана практикалык жыйынттыктар алынган.

1-жыйынтык. Кыргызстандын түштүк аймагынын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденген жана илимий негизде талдоолор жасалган.

2-жыйынтык. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге бөлүнүп каралган: совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында. Ошондой эле аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилген.

3-жыйынтык. Бүгүнкү мезгилге чейин ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлгөн. мындай карталардын илимий жактан да, практикалык жактан да мааниси чоң.

4-жыйынтык. Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсү ар тараптуу изилденген. Бул изилдөөлөр сурамжылоо методун колдонуу менен кеңири жүргүзүлгөн булардын негизинде топонимикалык сөздүк түзүлгөн.

Диссертациялык иш жаңы багытта илимий теориялык негизде биринчи жолу жазылган иш болгондуктан төмөнкү айрым кемчилдиктер байкалат.

1.Топонимикалык изилдөө өзүнүн спцификасы боюнча майда масштабдуу иш болгондуктан 3 түштүк областы изилдөөгө чоңдук кылат, бир областтын алкагында изилдөө жүргүзүү жетиштүү болмок.

2.Жер-суу аталыштарын геоморфологиялык формалар жана географиялык обьектилер (тоо, өрөөн, түздүк, дарыялар, көлдөр ж.б.) боюнча изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

3.Түштүк аймакка Ош шаары кирет, бирок Ош шаары боюнча топонимикалык талдоолор жок.

4.Диссертацияда айрым стилистикалык жана редакциялык каталар бар.

Көрсөтүлгөн кемчилдиктер иштин баалуулугуна таасир эте албайт, келечектеги изилдөөлөрдө эске алса болот.

Автореферат диссертациялык иштин мазмунун толук чагылдырат, кыргыз жана орус тилдеринде бирдей мааниге ээ.

1. **Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.**: Мирлан Муктарович, менин ишимди карап бергениңизге чоң рахмат. Сиз туура айтасыз, топонимика илими көп тармакты камтыган, өтө кылдаттыкты талап кылган илим. Чындыгында башында чоң территорияны алып алган экенбиз, изилдөө кыйын болду, бирок бардык аймактарды камтыганга аракет кылдык.

2. **Жооп изденүүчү Даовлатова Ф**: Жер-суу аталыштарын геоморфологиялык формалар боюнча изилдөө жүргүзүүгө айрым жерлер боюнча аракет болду, изилдөө жүргүздүк. Бирок изилдөө территориясы чоң болгондуктан бардык аймактарды камтый албадык. Кийинки изилдөөлөрдө бул жаатта дагы иштейм.

3. **Жооп изденүүчү Даовлатова Ф**: Туура, Ош шаары боюнча топонимикалык изилдөө өтө аз болду. Себеби, бир шаардын алкагында топонимикалык изилдөө жүргүзүү көчөлөрдүн негизинде болуп калат экен. Бул кандидаттык иштин көлөмүнүн ашып кетишине шарт түзгөндүктөн, иштин максатына шаар деңгээлинде, көчөлөрдүн негизинде изилдөө жүргүзүүнү киргизген жокпуз.

4. **Жооп изденүүчү Даовлатова Ф:** Диссертацияда айрым стилистикалык жана редакциялык каталарды эске алам жана оңдойм.

Төрага: Кийинки сөз эксперт экономика илимдеринин доктору, профессор Т.Култаевге сөз берилет.

**Экономика илимдеринин доктору, профессор Т.Култаев**: Саламатсыздарбы урматтуу төрага жана диссертаиялык кеңештин мүчөлөрү, уруксат берсеңиздер, эксперттик бүтүм менен тааныштырып кетейин. Даовлатова Феруза Муктаровнанын “Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы” аттуу диссетациясы Кыргызстан да аймактык масштаб да жер-суу аталыштары биринчи жолу изилдеген; топонимика илимин экономикалык, социалдык жана саясий географиянын курамында экенин далилдөө менен геотопонимика илиминин жаралуу зарылдыгын көрсөткөн; мына ушуга байланыштуу түштүк аймактагы жер-суу аталыштарынын таркалуу мыйзам ченемдүүлүктөрүнн ача алган, таркалуусун негиздеген; ГИС-технологияларды колдонуу менен карталар сериясын түзгөн. Жалпысынан автордун жекече салымы теориялык жактан толук негизделген. Диссертациянын негизги жоболору актуалдуу деп эсептеймин.

Диссертациядагы байкалган кемчилдиктер: Аталган диссертация илимий-теориялык жактан жацы иш болгондуктан айрым кемчилдиктер бар: 1.Кыргызстандын 3 областындагы административдик райондор боюнча топонимикалык райондоштуу боюнча изилдөө жүргүзсө максатка ылайык болмок. 2.Аймактагы жер-суу аталыштарын мааниси жана маңызын ачуу менен жаштарды патриоттулукка тарбиялоо боюнча жетиштүү изилдөө

жүргүзүлгөн эмес. 3.Топонимикалык талдоолордун билим берүүдөгү мааниси жетиштүү ачылган эмес. Керсөтүлгөн кемчилдиктер иштин баалуулугуна эч бир таасир эте албайт жана алдыдагы изилдөөлөрдө эске алса болот.
**1. Жооп изденүүчү Даовлатова Ф**: Топчубай Чокоевич, менин ишимди карап бергенинизге чон рахмат. Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан 3 областындагы административдик райондор боюнча топонимикалык райондоштуу жүргүзүү – бул өтө масштабдуу изилдөө. Мен муну сөзсүз түрдө келечектеги изилдөөлөрүмдө эске алам.
**2. Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.**: Жер-суу аталыштарын мааниси жана маңызын ачуу менен жаштарды патриоттулукка тарбиялоо бул мамлекеттеги маанилүү иш деп эсептейм. Мектептерде тиешелүү предметтер аркылуу жергиликтүү топонимиканын негиздерин окутуп, өсүп келе жаткан муунду Ата мекенди сүйүүгө тарбияласа болот. Бул боюнча материалдар менин ишимде бар жана бул багытта дагы изилдөө иштерин жүргүзөбүз.

**Жооп изденүүчү Даовлатова Ф.:** Топонимиканы, анын ичинде жергиликтүү жер-суу аттарын окутуу менен билим берсе да болот, тарбия иштерин да жүргүзсө болот. Бул бир багыттуу иштер. Мен илим изилдөөдө бул багытты да карадым жана алдыдагы иштеримде да эске алам.
**Отурумдун төрагасы, география илимдеринин доктору, доцент М.М.Дылдаев: Рахмат!**

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.**: бардыгыңыздарга чоң рахмат! Биздин диссертациялык кеңештин ишинин жүрүшүндөгү кийинки кадам талкууга өтсөк, диссертациялык кеңештин катышуучулары изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнага калоолорунуздарды жана сунуштарды айтсаңыздар. Анда сөздү география илимдеринин доктору Виктория Александровна Почечунга берели.

**Доктор географических наук, доцент Виктория Александровна Почечун:**

Уважаемые коллеги, я ознакомилась с диссертацией и авторефератом Ферузы Муктаровны. Мне очень понравилась эта работа, и я хотела бы объяснить, почему. Во-первых, я обратила внимание на качество русского языка. Было очень приятно читать — работа написана на высоком уровне, с хорошей грамотностью и стилистикой.

Я, в основном, занимаюсь вопросами геоэкологии и загрязнения окружающей среды, поэтому эта работа для меня необычна, и тем интереснее было её читать. Я считаю, что диссертация достойна, и рекомендую допустить её к защите.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.**: Спасибо Виктория Александровна за пожелания!

**Анда сөздү география илимдеринин доктору, профессор Курманалы Матикеевде**: Феруза Муктаровна өтө актуалдуу теманын үстүндө иштеп, коргоо алып чыкканы бизди кубандырды, себеби Баткендин кээ бир айылдары талаштуу же тажик эли менен бирге жашаган калкттуу аймак, өзбек эли менен да чек аралары өтө жакын. Диссертациянын максаты ушул аймакта башка

тилден кирген жер-суу аталыштарына анализдеп этимологиясын чечмеленип жазылганын көрө алдым. Мисалы: Жопая, Зардалы, Говсубар, Валакыш жана башка ушул сыяктуу аталыштар бар экенин билебиз. Ушуга окшогон топонимдерди чечмелөөгө аракеттер жасалган. Мындан эки жыл мурун Тажик Республикасынын Президентинин буйругу менен Памирдеги кыргыз тилиндеги жер-суу аталыштарыны тажик тилине алмаштыруу ишке ашырылган. Ал жердеги кыргыз тилиндеги жер-суу аталыштар 1128 аталыш тажик тилинде аталып калгандыгы өкүнүчтүү. Бүгүнкү күндө илимдер академиясынын тапшырмасы менен "топонимикалык католог" түзүүнү сунуштаган. Бирок ал сунуш ишке ашпай калган. Бул жагдайда абдан чоң изилдөө иштери бар. Жер-суу аталыштарын ирээтке келтирүүгө салымынды кошосун деген ойдомун, топонимика илиминде Кыргызстандын бардык аймактарында аткарыла турган абдан иштер көп, ишти токтотбой улантунуу каалаймын, диссертациялык иши өтө актуалдуу, туура маселер каралган баса белгилегим келет, аткарылган иштер мактоого татыктуу ийгилик сага Феруза Муктаровна география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин, диссертациялык кеңештин мучөлөрү сиздер да колдоп бериңиздер.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.**: Курманаалы Матикеев агай мазмундуу ойлоруңузга жана пикириңизге чон рахмат! Урматтуу кеңештин катышуучулары дагы кандай пикир, сунуштарыныздар бар?

Слово предоставляется доктор географических наук, профессору Ахмадалиеву Юсупжону Исмоиловичу. Уважаемые коллеги, особенно мне понравилась публикационная активность данного диссертанта. В отличие от многих наших соискателей, она начала публиковать свои первые статьи ещё в 2016 году. В Узбекистане редко встречаются диссертанты, которые работают над своими исследованиями 2–3 года и затем защищают диссертации PhD. В данном случае диссертант работал над темой почти 12 лет. Я считаю возможным рекомендовать защиту данной диссертации. Также у меня есть предложение: в качестве ведущей организации рекомендовать Каракалпакстанский государственный университет имени Бердаха, где работают доктор географических наук и кандидат географических наук, специализирующиеся в области топонимики.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.: Рахмат!** Сунушту эске алабыз. Менда изденүүчү Феруза Муктаровнанын ишине ийгилик каалаймын, топонимика боюнча филологдор, тарыхчылар изилдеп жүрүшөт, өзү негизи мен айтаар элем жер-суу аталыштары негизинен географтарга таандык деп, себеби дарыя, тоо кыркалары, өзөн суулары, өрөөндөр, калктуу конуштар баарынын аталыштары бар. Алардын келип чыгуу себептерин аныктоо ишин географиялык обьектерди табигый шарттарда аталыштардын аталгандыгын баарыбыз эле билебиз, ушул маселерди диссертант ачып берүүгө аракет жасалган. Диссертация жогорку

деңгээлде жазылгандыгын баарыбыз күбө боло алдык, ишти колдоп берүүңүздөрдү суранамын жана ачык коргоого сунуштаймын.

**Төрага, география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.**: Сунуштар пикирлер жок болсо анда сөздү диссертантка берели.

**Жооп-изденүүчү Ф.М. Даовлатова:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Менин ишимди убакыт бөлүп окуп, баалуу сунуш-пикирлерди, кемчиликтерди айткандарыңыздарга терең ыраазычылык билдиремин. Баарыңыздарга чоң рахмат!

**1. Отурумдун төрагасы: география илимдеринин доктору, доцент М.М.Дылдаев:** Анда жыйынтыктайлы, кийинки этап жетектөөчү мекемени жана расмий оппонентерди тактап берели.

Бүгүнкү жыйында Даовлатова Феруза Муктаровнанын темасы «Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР Президентине караштуу УАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана ачык коргоого сунушталсын деген пикирлер айтылды.

**Расмий оппоненттери:**

1. Биринчи оппонент – география илимдеринин доктору, профессор Ахмадалиев Юсупжон Исмоилович –Өзбекстан Республикасынын Фергана мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору
2. Экинчи оппонент – география илимдеринин кандидаты, Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин физикалык жана экономикалык география кафедрасынын доценти, г.и.к., Супатаев Т. А.
3. **Жетектөөчү мекеме:** Өзбекстан республикасынын Бердах атындагы Каракалпак мамлекеттик университетинин экономикалык жана социалдык география кафедрасын жана расмий оппоненттерди сунушташкан. Ушулар менен макулсуздарбы, каршы эмессиздерби? Анда ушул сунуштарды колго алып, добуш берип койсок.

**Макул – 11, каршы – жок, калыс – жок.** Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо жоопторун жана талкууларды угуп И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдери боюнча уюштурулган Д 25.24.698 Диссертациялык кеңешинин кезектеги отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Даовлатова Феруза Муктаровнанын темасы «Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши ачык добуш берүүнүн негизинде алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин.

2. Изденүүчү Даовлатова Феруза Муктаровнанын темасы «Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы» деген темадагы 25.00.24-экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдериин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет эсептелсин жана коргоого сунушталсын.
3. Диссертациялык ишке жетектөөчү мекеме катары Өзбекстан Республикасынын Бердых атындагы Каракалпак мамлекеттик университетинин экономикалык жана социалдык география кафедрасы бекитилсин.
4. **Расмий оппоненттер катары төмөндөгүлөр дайындалсын:**

1. География илимдеринин доктору, профессор Ахмадалиев Юсуфжон Исмаилович – Өзбекстан Республикасынын Фергана мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, г.и.д, профессор.

2. География илимдеринин кандидаты, доцент Супатаев Турдалы Абдыкасымович – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин физикалык жана экономикалык география кафедрасынын доценти, г.и.к.

**Жыйындын төрагасы,**
**география илимдеринин доктору, доцент** **Дылдаев М.М.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Жыйындын окумуштуу**
**катчысы г.и.к., доцент** **Солпуева Д.Т.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ